ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2015



Специальный выпуск

ISBN 9967-21533X

Таштобаева Б.Э. **Об уровнях и содержании национальной рамки квалификаций Кыргызской Республики** 403
Ташходжаев Ш. А., Хаитов Ш.К. **Концепция и системный подход обучения физике в техническом университете** 407
Темирбаев М.М. **Квант физикасынын негизги идеялары жана принциптери** 411
Тешебаев А.К. **Патриотическое воспитание старшеклассников на уроках русского языка и литературы** 416
Тешебаев А.К. **«Педагогические условия организации внешкольной деятельности по формированию физической активности сельских старшеклассников» (на примере Баткенской области)** 419
Файзиев И. Д., Исаков Э., Файзиев З. И. **Изучение и использование энергии ветра в технических установках и методика их ознакомления в преподавании предмета физики** 424
Файзиев И.Д., Иброхимов П.Р., Тошходжаева Л. **Изучение «газовых законов» на основе использования межпредметных знаний методом проектирования** 428
Сагындыков Ж. **Электрондук - анимациялык окуу куралдардын негизинде орто мектептерде физика сабактарын окутуу** 435
Ткачёва С.А., Боталиева У.А. **Особенности формирование ключевых компетенций у бакалавров педагогических направлений средствами современных инновационных технологий** 436
Арстанбекова Н.Б., Сагындыков Ж. **Болочоктогу химия мугалимдерин даярдоодо компьютердик технологияларды колдонуунун айрым маселелери** 440
Табалдиева Ч **Кыргыз көркөм адабиятында экологиялык тарбия** 444
Шункеева О.А., Альмурзаева Б.К. **Особенности организации учебного процесса в сельских школах республики Казахстан** 447
Омаралиева З.И.,Эгемназарова А.Ж. **Физика адстигинин бакалаврларын окутууда элективдүү курстарга негиздеме** 449
Папиев М. **Илимий түшүнүктөрдүн мазмунун, ички байланыштарын ачып берүүнүн бир мисалы** 452
Усаров А.С., Рахманбердиев С.,Маматкалил кызы Г., Кадышев С.К., **Дифракция маселелеринин математикалык модели** 456
Кадыркулова Н.К., Сагындыков Ж. **Нерсенин эркин түшүү ылдамдануусун анимациялык ыкма аркылуу түшүндүрүү** 462
Сагындыков Ж., Д.Р. Сатывалдиев[2]. **Тамак аш биотехнологияларынын жардамында химиялык жана физикалык алгачкы түшүнүктөрдү калыптандыруу** 466
Касымова Г.А. **С.Э.М.Мамбетакунов - С.Нааматов атындагы нарын мамлекеттик университетинин ардактуу профессору** 468
Ткачёва С.А., Акмолдоева А.Ж. **Условия формирование психологической компетентности будущих педагогов** 471
Дюшеева Н.К **Современные образовательные технологии как средство обеспечения качества обучения в общеобразовательной школе** 474
Токтоматов А. Д. **Польшадан алынган сабактар же билим берүүнү жакшыртуу жолдору** 478
Аттокурова Ч.А. **Интерактивдүү окутуу шартында «көптүктөр жана анда жүргүзүлүүчү операциялар» темасында жаңы терминдерди калыптандырууну бышыктоо** 482
Мамбетакунов Э. **Проблемы стандартизации естественнонаучного образования в средней школе** 485

**Табалдиева Ч.,**
*Кыргыз–Түрк Манас университети*

## КЫРГЫЗ КӨРКӨМ АДАБИЯТЫНДА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ

**Кыргыздардын тарыхынын башатында орчундуу орунду алардын салттуу дүйнө** таанымы ээлейт. Байыркы кыргыздардын салттуу билимдеринин негизин жаратылыштагы процесстер менен кубулуштар, алардын ортосундагы байланыштар жөнүндөгү ыраттуу, туура көз караштары түзгөн. Элдин күнүмдүк турмуш тажрыйбасы менен байкагычтыгын камтыган салттуу билимдер айлана–чөйрөнү аңдап түшүнүүнүн алгачкы башаттарынан болгон. Кыргыз эли узак убакыттар бою көчмөнчүлүк жашоону башынан кечиргендиктен, эл руху– тоолорду, табиятты өздөрүнүн ата бабасындай аздектегендиги кылымдап калыптанып келген салттуу билимдерин элдик оозеки чыгармалардын ар кандай үлгүлөрүнөн Кыргыз элинин уламыш, эпос, элдик ырлар, макал–ылакаптар, табышмактарында өсүмдүк, жаныбарлар менен адамдардын алака катышы ар тараптуу чагылдырылган.

Алсак, улуттук мурас болгон "Манас" эпосунда кыргыздар өздөрү жашаган жеринин өсүмдүктөр байлыгын, төрт түлүк малга жайлуусун сыймыктануу менен баяндаган саптар арбын. Мисалы, кыргыздардын байыркы байырлаган жери Алтай "... - бугу оттогон жерлери, булуңдуу токой черлери" деп сүрөттөлсө, "Семетейде" Талас жеринин флора жана фаунасы:

Жылкы, койго жарашкан,
Жылтырган менен шыбагы.
Көк шибери көйкөлөт
Сарымсагы жайкалат.
Ала бата, күдүрөк, Тоонун жери кең Талас.
Төрүмдүмтиккен багында
Алмасы гүлдөп ачылган.
Жемишим жерде чачылган,
Жапан чыккан алма, өрүк

Талаада толуп көп жатат,–деп сыймыктануу менен сыпатталат. Өсүмдүктөрдүн ичинен айрыкча: карагай терек, бай терек, чынар тал, кайың четин, бетеге тулаң ж.б табигый өсүмдүктөр жөнүндө маалыматтар басымдуу орун алган. [1,8–б]

Табият менен адам арасындагы көз карандылыкты бекемдөө профессионал адабиятта да олуттуу таасирдүү берилген.Мисалы, залкар жазуучубуз Айтматов өз чыгармаларында табиятка аяр мамиле жасоого чакырып, экологиялык курч маселелерге токтолуп, жаныбар менен адамдын ортосундагы мамилелерди таасирдүү сүрөттөгөн. Башкача айтканда, адам баласынын жаратылышка тийгизген орой мамилеринин натыйжасында табият да адамдарга каарын көрсөткөн учурларга өзгөчө басым жасаган. Буга Ч.Айтматовдун айтылуу "Ак–Кеме " повестинин сюжеттик жана идеялык негизин атасак болот. Повест бугу уруусунун келип чыгышы жөнүндөгү тотемдик мифке негизделген, Бугу эненин тукумун ырайымсыз кырган бугулук адамдардын абийирсиз кылыгы кайдан, кандайча келип чыккандыгы жана акыры эмнеге алып келери тууралуу аңыз аркылуу жакшы туюнтулган.

Аталган чыгармада башкы каарман Нургазы бала Момундун жомок мектеби аркылуу калктын кылым карыткан адеп жөрөлгөлөрүнө чын дилинен ишенип, эзелкинин эскирбес дөөлөтүн өзүнүн тунук, таза дүйнөсүнө кабыл алды. Бирок анын ыйык, изги ишеними реалдуу турмушта коргоосуз калды. Бул Орозкулдун зомбулугунан улам Момундун өзү күндө жомоктоп айтып, ыйык тутуп жүргөн ата-бабанын арбагына, абийир-ызатына, Умай эненин осуятына, баланын бапестеп багып

ген идеалына, жаратылышка болгон аруу сезимине мылтык кезеп, ок атканынан болду. Улуулардын ушул жоругунан улам баланын ишеними өрттөндү, заманасы рулду, ал акыйкат издеп кыялдын закым деңизине чөгүп кетти [3;106].

Улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун "Ак кемесинде" көтөрүлүп баштаган логиялык маселе "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөттө", "Кассандра тамгасында", "Тоолор кулаганда" романында жалпы ааламдык маселеге айланат. *атовдун чыгармаларында "адам экологиясы", "табият экологиясы" кош кабат, ой катары каралат. Соңку өзгөрүүлөрдөн "адам экологиясы" деген да термин чыкпадыбы. Айтматов чыгармаларында Жер тагдырына жалпы ааламдык, ы космикалык көз караштан ой жүгүртөт. «Кыямат» чыгармасында адам асынын жаныбарларга кылган орой мамилесинен бөрү Акбара Бостондун жалгыз асынан ажыратып, өч алуусу менен адам баласына түшүндүрүүгө аракет кылган.* омдун, адамдын тазалыгы, аларды ушул калыбында сактап калуу аракетин улуу зуучубуз буга чейин эле айтып, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруп келген. "Кылым ытар бир күн", "Фудзиямада кадыр түн", сыяктуу романдары эртеңки адамзат дыры ("Канткенде адам уулу Адам болот"), жаратылыш проблемалары, ыйман селесине арналып, ал улуу түшүнүктөр өзүнчө өңүттөн чечмеленет. "Тоолор аганда" романындагы Арсен менен тоо боорундагы Жаабарстын ички омдарындагы окшоштуктар, адамдар арасындагы мындай окуялардын жүрүшүндө тоодогу карт Жаабарстын жашоосу кошо сүрөттөлөт.[3;152]

Адам жана табият ортосундагы гармониялык мамилеге үндөө кыргыз эзиясында да салттуу тема. Бул маселе Токтогул, Тоголок Молдо сыяктуу дээрлик рдык эл ырчыларынын чыгармаларында өзөктүү педагогикалык идея катары үктүрүлүп келген.

Барпы Алыкуловдун "Аккан суу", "Күн", "Шамал" ырлары тестиер балдардын лам таанууга болгон кызыгууларын арттырып, ар бир жаратылыш компоненттеринин згөчөлүктөрүн балдарга чыгармалары аркылуу жеткирип, башкача айтканда балдарга еографиялык, экологиялык билим берет. Барпы "Аккан суу ырында сууну атериалдык дүйнөнүн кебелбес күчү катары түшүндүрөт. Акындагы ашкере эрөгөчтүк анын божомолунан байкалат: Суу жер катмарындагы кумдан бөлүнүп ыгат. "Эски болуп бир жери, сүзүлбөгөн аккан суу" деп кийинки этапта: "Макулуктун арынын каны сенсиң аккан суу, жер бүткөндө жаралган, элден мурун аккан суу" еген сөздүн толук маанисиндеги материалисттик жыйынтыгына келет. [2;35-б].

Акын "Күн", "Шамал" атуу ырларында ошол материалисттик көз караш өнүндөгү тематикасын өөрчүткөн. Табият кубулуштарынын кубаттарына адилет аларын берген.

Күн кубаты барынан,
Адамга кан тараган.
Күндүн нуру жеткенден,
Өсүмдүктөр жан алган.
Бардыгына күн себеп,
Бардыгына күн керек, [2; 65-б]

Күнсүз дүйнө жаңырбайт, - деген бүтүмгө келүү акындык көрөгөчтүктү ырастайт.

Алыкул Осмоновдун балдар үчүн жазылган жана балдарга жаратылыштык тарбия ерүү ырлары "Түлкү менен каздар", "Чымын-чиркей ырлары", "Кара Чыйырчык", Балдар менен турналар", "Кулой, кулой торпогум", "Куштар кетти". Бул ырларында кын балдар менен жаныбарлар дүйнөсүнүн ортосундагы мамиле-катнаштардын аңызын белгилүү бийиктикте ачып, буга байланыштуу балдардын жорук-косундарына түзөтүүлөр киргизүү аракетинде болот.

"Куштар кетти" ырында канаттуулардын жашоо дүйнөсү, сырлары тууралуу акын канаттууларга карата жаш баладагы туюо сырларын, балалык назик сезимдерин, боорукердигин реалдуулуктун айкалышынан жаралган көркөм баянды иштеп чыккан.

Бизден кеткен келгин куш,

Жакшы жерге консо экен.

Кайра бизге келгенче ,

Аман-эсен болсо экен. - деп канаттуулардын аман келишин тилешет [4;54–6].

«Ата-журт» темасындагы жазылган ырында Алыкул Ата-Журттун тоо-ташы, топурагы, суусу пайдасыз нерсе эмес экендигин, аларды терең урматтап, өлгөндө да таттуу жытын кучактап, көкүрөккө кысаарын ырдоо менен өлкөдө жашаган атуулдарды Мекенди сүйүүгө, жаратылышын коргоого чакырып, жаркыраган келечекке үндөгөн.

*Тоголок Молдонун* "Жер жана анын балдары", "Куштардын санаты" «Ала-Тоо» аттуу поэмалары кандай керемет экологиялык чыгармалар. Бул чыгармалар аркылуу Аккан суунун экологиялык, экономикалык маанисин, ал гана эмес жаратылыштын улуулугун, сулуулугун, канча бир күн боюу тынбай ырдап келишкен, бул чыгармалары анын акындыгын гана айгинелебестен экологиялык аң-сезиминин тереңдигин көрсөтүп турат. Ал дайыма элди жаратылышты коргоого чакырган. Жаратылышта зыяндуу эч нерсе жоктугун ар бир жандыктын өз милдети бардыгын, алар бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин, аларды биринен-бирин бөлүп кароого болбой тургандыгын айтып келген. Анын "Жер жана анын балдары" атуу поэмасынан жер менен анын компоненттеринин бири-бирине көз каранды, бири-бири менен ажырагыс бир бүтүндүк экендигин ачык далилдеп баяндаган. Бул жерден географиялык айлануу процессин, жаратылыш компонеттери бири-бирисиз толук жаратылыш бүтүндүгүн түзө албастыгын, географ окумуштуулар сыяктуу эле акын даана так анализдеп баяндаган. Элдин акыл казынасында эзелтен калыптанган географиялык түшүнүктөр, билимдер биздин муундарга ушул сыяктуу поэма, аңгеме, эпос, санжыра түрүндө жетти.

Калык Акиевдин "Ала-Тоо", "Кетмен-Төбөнүн көрүнүшү", "Тянь-Шандын көрүнүшү" деген ырлары аркылуу окуучу өз жеринин жаратылыш байлыгын, жан-жаныбарларын, өсүмдүктөрүн, Тянь-Шандын төрт түлүк малга жайлуу экендигин жалпы жаратылыштын көоздугун балдарга жеткиликтүү деңгээлде жеткире алган .

Бул чыгармалардагы идеялар көп жагынан бүтүндөй экологиялык тарбиянын өзөк мазмунун түзөт. Аларды тийиштүү усулдук ыңгайга жараша мектеп практикасында жана үй-бүлөдө балдарга экологиялык тарбия берүү ишинде натыйжалуу колдонууга болот. Айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыктагы образдардын элестүүлүгү, таасындыгы, табиятка жакындыгы балдарды тарбиялоо үчүн демейдегиден алда канча үзүрлүү, натыйжалуу кылары талашсыз.

**Адабияттар**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары.–Б., 2001.– 44 б.
2. Сулайманов. М., Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. Ош - 1992.
3. Сыдыков Н., Жунусалиева К. Ч.Айтматовдун пейзаж тартуу чеберчилиги, Бишкек - 2002. -158 б.
4. Даминова И.Кыргыз эл педагогикасынын прогрессивдүү идеялары жана тажрыйбалары аркылуу баштапгыч класс окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо .Автореф. дисс. канд. пед. наук: 13.00.01. – Бишкек, 2010. – 20 б.




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИШКЕК шаары КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ